*УДК:78. 01*

***Жакыпов К. К., Султанова А.***

# ААЛАМДАШУУ МЕЗГИЛИНДЕГИ ИНСАНДЫН МУЗЫКАЛЫК-ЭСТЕТИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНЫН КАЛЫПТАНУУ ПРОБЛЕМАСЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНДЕ

***Жакыпов К. К., Султанова А.***

# ЛИЧНАЯ МУЗЫКАЛЬНАЯ ЭСТЕТИКА ГЛОБАЛИЗАЦИИ, ПРОБЛЕМА ФОРМИРОВАНИЯ КУЛЬТУРЫ В ПРОЦЕССЕ ОБРАЗОВАНИЯ

***K. K. Zhakypov, A. Sultanova***

# PERSONAL MUSICAL AESTHETIC OF GLOBALIZATION, THE PROBLEM OF THE FORMATION CULTURE IN AN EDUCATION PROCESS

**Аннотация:** Макалада ааламдашуу мезгилинде жаштардын музыкалык-эстетикалык маданиятын калыптандыруу маселесин билим берүү системасындачечүү үчүн жасалып жаткан аркеттер, 2017-жыл “Ыйман, адеп жана маданият жылы” деп жарыяланышына карата И. Арабаев ат. КМУнун КМББФнын Музыка кафедрасында окуу процессине кошумча мерчемделген иш чаралардын келечектеги болжолдонгон натыйжалары тууралуу баяндалат.

**Негизги сөздөр:** музыкалык-эстетикалык маданият, ааламдашуу, массалык маданият, рок, реп, поп музыка, коомдук кесиптер, эстетикалык тарбия, билим берүү ж. б.

**Аннотация:**В статье расматриваются некоторые проблемы по формировании музыкально эстетической культуры молодежы в условиях глобализациии прогнозируется конечные результаты запланированные кафедрой музыки поподдержке инициативы Президента КР А. Атамбаева по объявлении 2017 год –“Годом - Нравственности, воспитания и культуры. ”

**Ключевые слова:** глобализация, музыкально-эстетическая культура, массовая-культура, рок, реп, поп музыки, ФОП, эстетическое-воспитание, образования ит. д.

**Annotation:** In the article risen some problems after forming of musically esthetic of youth in the conditions of globalization are considered and it is predicted the resulting effects planned by department of music on supporting of an initiative of the president KRA. Atambaev after the announcement 2017-to Years of Morality, education and culture.

**Key words:** Globalization, musical and esthetic culture, mass culture, fate, turnips, pop music, esthetic education, education.

Эгемен Кыргыз республикабызда коомдун өнүгүүсүндөгү байкалып жаткан ар кандай карама-каршылыктар инсандын нравалык-эстетикалык өнүгүүсү үчүн терс таасирин тийгизүүдө. Учурдагы социомаданий чөйрө массалык-маалымат каражаттары аркылуу активдүү таратылып жаткан чет өлкөлүк жана ата-мекендик “маданий-талап кылуучулук” баалуулуктардын “басып кирүүсү” катары мүнөздөлөт. Жашообузга маалымат таратуучу каражаттардын анын ичинде интернет, мобилдик телефондор, спутник же кабел аркылуу таратылуучу жеке менчик радио-телеканалдар таратып жаткан маалыматтар, маданий жаңылыктар азыркы жаштардын көпчүлүгүнүн бир жактуу эле көңүл ачуучу субмаданият менен алектенип, өздөрүнүн инсандык музыкалык дүйнөсүнүн баалуулуктарына чек коюп жатуусунун негизги себепкерлери десек болот.

Эгемендүүлүктүн жылдары батыштан “массалык маданияттын” көңүл ачуучу-гедонистикалык табияты инсандын жан дүйнөсүн өнүктүрбөй элетескерисинче көз карашын жана алга умтулуусун басаңдатып, өтө эле жеңил ойлуулукка тарта баштады. Ал эми рок-музыканын түркүн-түстүү кубулган үлгүлөрү алардын “жашоо маңызы” негизинен кара күчкө сыйынуу, жан дүйнө эмес тулку бойдун турпатын даңазалоо экендиги белгилүү. “Массалык маданият”чындыгында инсандын “массалык адамга” айлануу сезимин программалай турган таасирге ээ болору далилденүүдө.

Белгилүү педагог Д. Б, Кабалевский “массалык маданияттын” терс жактарын белгилөө менен мындай деп айткан: “Акырындык менен жан дүйнөсүн жабыркатуу аркылуу жападан жалгыз талабына айланып алгандан кийин сөзсүз адамды чегинен чыгып кетүүгө алып келет, ошону менен анын этикалык, эстетикалык идеалдарын жана жөндөмдүүлүктөрүн соолутат. Ушундай жол менен көркөм дүйнөнүн улуулугун, сулуулугун аңдап сезе албаган, аңырайган аңкоолордун армиясы пайда болот” [6,4].

Швед изилдөөчүсү Н. Л. Валлин рок-музыканын күн санап өсүп бара жаткан “добуштар шалбаасы” “... этикалык, социалдык, интеллектуалдык баалуулуктарга түшүнүгү жетпеген түркөй абалга туш кылган, эмоционалдык жана психикалык чыңалууга алып келүүсү мүмкүн” деп белгилейт [2,4].

Чет өлкөлөрдөн таңууланган жана өзүбүздүн мекендештерибиздин мээ кайык мээнетинен жаралган рок жана поп музыкалардын көркөмдүк жактанкемпай чыгармалары “... бул байкоосуздан эле болуп калган көрүнүштөр эмес, тескерисинче бизге атайы айдакталган, баалуулуктарды бузууга багытталган, табигаты жалган маалыматка жамынган, тымызын жүргүзүлгөн идеология” [3,6].

Эч кандай ой жүгүртүүнү талап кылбаган прикладдык функция аткарууга араң жараган мына ушундай музыкалык жанрдын каптап кирүүсү музыкалык образдарды кабылдоого багытталган эң керектүү субъективдүү жөндөмдүүлүктөрдүнжок болуусуна алып келет. Музыканын мындай түрүнө кабылганда “... көңүлдүн борборунанмузыка эмес эле, андагы катышып жаткан адамдар, же музыканын коштоосуна жамынып алып ал жерде болуп жаткан окуялар орун алат” [1].

Социологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй азыркы социо маданий акыбалда эч кандай ой жүгүртүүнү, интеллектуалдыкдаярдыкты талап кылбаган көңүл ачууга гана багытталган музыка басымдуулук кылууда. Музыканы кабыл алуунунмындай деңгээли “үстүртөн мамиле кылуучу” музыкалык маданияттын түрүн калыптандырат. Музыкалык искусство менен үстүртөн-мамиле кылуучу гедонистик же көңүл ачуучулук маанайдагы музыкалык маданияттын мындай түрү инсан үчүн өтө залакалуу терс таасирге ээ.

Мына ошентип, шойкомдуу “шоу-бизнес” тартуулап жаткан учурдун музыкалык маданияты жаш муундардын жан дүйнө баалуулуктарын калыптандырууга таптакыр жөндөмсүз экендигинен кабар берет. Анын натыйжасы катары биз күбө боло баштаган жаштардын музыкалык-эстетикалык маданиятынын деңгээлинин төмөндөөсү, руханий жана ахлак багыттарынын терс жолго түшүп кетүүсү болууда.

Коомдо жаралган мындайакыбал педагогикалык коомчулукта кооптонуу жаратпайкойбойт. Ошону менен бирге эле инсандын нравалык жана этикалык идеалдарын калыптандыруу багытында инсандын музыкалык-эстетикалык тарбиясын жогорку көркөмдүктөгү музыкалык искусство каражаттары аркылуу тарбиялоо керектигин бекемдейт.

Мына ошондуктан учурдагы педагогиканын актуалдуу проблемасы болуп, инсандын музыкалык-эстетикалык маданиятын калыптандыруу маселеси саналат. Инсандын

музыкалык-эстетикалык маданиятын калыптандырууда чечүүчү роль келечекте өсүп жетилүүчү жаштардын насаатчыларына билим-тарбия берүү маселелерин чечүү милдети жүктөлгөн жогорку педагогикалык мектептерге жүктөлөт.

“Искусство жана адабият тарбиялык таасирден сырт ойго да келбейт. Аларды бул багытта пайдалануудан баш тарткандарпедагогикалык иш аракетте ийгиликтерди жаратарына ишенүүгө болбойт” [2,7].

Аталган проблеманы чечүүдө алдыңкы орун педагогикалык илимге тиешелүү. Аталаган проблеманын үстүндө илимий иштердин тынымсыз тыянактарды чыгарып жатуусун анын актуалдуулугунун бир далили катары эсептөөгө болот.

Эмесе бул иштерге өзүбүздүн өңүттөн кайрылып көрөлү.

2017-жыл КР Президенти А. Ш. Атамбаев тарабынан “Ыйман, адеп жана маданият жылы” деп жарыяланды. Кыргыз эли эгемендүүлүккө жеткен чейрек кылым аралыгында негизинен кара курсак көйгөйү менен алышып келдик. А дегенде курсак тойсун, калган маселе катары менен чечиле берет деген алысты көрө албаган саясат аргасыз багындырып келди. А бирок коомдук аң-сезимдин боштондукка, азаттыка умтулуусу мурунку баалуулуктардын, идеялардын маани-маңызын жоготуусу, коомчулукта – жаштарды адеп-ахлактуулукка тарбиялоо өзгөчө маанилүү маселе экендигинаныктады.

Эки жылдан бери катары менен өлкө башчысынын бул маселеге, башкача айтканда маданият маселесине көңүл буруусу бул багыттагыкөйгөйдүн көп боло баштагандыгынан кабар берүүдө. Президенттин демилгесин жалпы коомчулук, анын ичиндеушул тармакта эмгектенгендер, атап айтканда билим берүү, жана маданият тармагы өзгөчө колдоого алууга милдеттүү. Ал Эми педагогикалык ЖОЖдордун флагманы болгон И. Арабаев атындагы КМУнун Көркөм маданият жана билим берүү факультетинин жамааты жапа тырмак алгылыктуу сунуштар жана иш аракеттер менен демилгени ишке ашыруучулардын катарында туруубуз шарт. Аталган демилге аркылуу бул багыттагы маселелерди бир жылда чечип коёт деген ойдон алыспыз. Бирок коомчулукта бышып жетилген зарыл маселелердин чечүү жолдорун белгилеп, аны ишке ашырууга алгачкы кадамдар жасалып тиешелүү мыйзам актылары кабыл алынарына үмүттөнсөк болот. Бул демилгени колдоо менен Көркөм маданият жана билим берүү факультетиазыркы заман талабына жооп бере алган жогорку профессионалдык компетенттүүлүккө ээ, жалпы кенен кругозор жана жалпы маданий көндүм иштерге, баарлашуу жана жүрүм-турумга ээ адистин калыптануусун ишке ашыруу багытында атайын иш мерчемдерин кабыл алды.

Ошолордун катарында окуу пландарына кошумча аудиториядан сырткаркы иштерге да көңүл бурулууда. Атап айтсак:Советтик билим берүү системасында эң сонун иш алып баруу менен өзүнүн таасирдүү тарбиялык мааниси бар экендигин далилдеген Коомдук кесиптер факультетин (ФОП – факультет общественных профессий) уюштуруу демилегеленип жатат. Аталган факультеттин курамына келишимдик негизде:

1. Комузчулар кружогу;
2. Бий кружогу;
3. Аваздык класс;
4. Аккордеонүйрөнүү ж. б. тармактар боюнча иш аракеттер башталды.

Мындай иш чаралар келечекте кесиби бөлөк болсо да өзүнүн жан дүйнөсү каалап турган талантын өстүрүүгө өбөлгө болуу менен бирге, келечекте окуучулар арасында кесибинен сырткары да маданий иш чараларды уюштуруу менен жаштардын музыкалык-эстетикалык маданиятын калыптандыруу талабын ишке ашырууга салым кошмокчу.

Ал эми бул саамалык жалпы билим берүүчү орто мектептерде окуучулар арасында кеңири жайылтылса жакынкы жылдары жан дүйнөсү эстетикалык баалуулуктар менен сугарылган муундун армиясын пайда кылып, коомубуздун руханий түркүгүн бекемдөөгө жол ачылмак.

Бул багытта массалык маалымат каражаттары аркылуу коомчулукка атайын кайрылуулар жасалууда.

Биздин пикирибизде жалпы билим берүүчү мектептердин окуу процессинде сабактан сырткары да музыкалык-эстетикалык тарбия берүүнүн түрлүү формаларын жандандыруу керек. Атап айтсак: музыкалык кружоктор, факультативдер, салттуу маданий иш чаралар, өздүк көркөм чыгармачылыктын кароо-конкурстары, маданий жүрүштөр, экскурссиялар ж. б. д. у. с. Ошондо гана жаштар арасында базар экономикасы менен кошо киргенбатыштынсазга батыруучу маданий “самопалдарынын” залакаларынан сактанууга жол ачылмак.

Бизге ар кандайсаясий, маданий, экономикалык эксперменттерди жасап жаткан батыш мамлекеттеринде жаштарга эстетикалык тарбия берүү мамилеси кандай өнүккөнүн кароо менен алар өз келечеги үчүн алда качан кам көрүп, ар кандай интервенциядан сактануу механизмдерин иштеп чыккандыктарын байкайбыз.

Эмесе айрым мамлекеттерде музыкалык-эстетикалык тарбия берүүнүн ар кандай практикаларын карап көрсөк. Бул багытта Шведциянын мектептериндемузыкалык-эстетикалык тарбиянын уюштурулушу көзгө көрүнөт. Ал мамлекетте мектептер үчүн бирдиктүү музыкалык программа кабыл алынган. Биз сыяктуу музыка, сүрөт сабактарына бөлүнгөн саатарды мектептин директору каалаганындайбөлө бере албайт. Ал эми окуу куралдарында музыкалык тарбия берүү багытында атайын бөлүмдөр камтылган. Шведциянын мектептеринде МЭТБнин башкы максаты – ар бир окуучунун өзү “музыка жаратуусуна” жетишүү болуп саналат[1,5].

Болгария, Чехия, Словакия мамлекеттеринде жаштарга МЭТБ боюнча мамлекеттик программанын негизинде атайын атайын система иштелип чыккан [7]. Венгирияда жалпы мектептер боюнча 5-6 сааттык музыка сабагы окутулат[4]. Япониянын мектептеринде музыканы окутууга жумасына 8 саат бөлүнөт, анын үзүрү катары японияда өткөн симфониялык оркестрлердин, хордук, пианисттердин концерттеринде чоң-чоң залдарда жаштардын жайнап олтургандыгын көрсө болот [5].

Бизге эстетикалык тарбия берүүчү сабактарды экинчи сорт катары калтырган программаларды сунуштап олтурганэврейлердин мекени Израилде азыркы учурда музыкалык билим берүүнүн жаңы долбоору киргизилген. Анын максаты болуп - ар бир окуучуну музыкалык искусствого аралаштыруу саналат. Башталгыч класстарда балдар хордо ырдоону, нота менен ойноону, музыка угууну өздөштүрүп, ар түрдүү доорлордун музыкалык стилдери менен таанышат. Жогорку класстарда жумасына музыка боюнча коюлган эки саатта окуучулар музыканын теориясынын негиздерин, музыкалык адабиятты, музыкалык форманы окуп үйрөнүшөт. Ал эми он экинчи классты аяктап жаткан ар бир окуучу жетилүү аттестатын алыш үчүн концерттик программа аткарып, экзамен тапшырууга “укуктуу”... ” [3].

Ал эми ушул эле мамлекеттердин ЖОЖдорундаМЭТБ өзүнүн өзгөчөлүгү менен айрымаланат. Ал ЖОЖдун окуу жүктөмдөрүнө, студенттердин жаш курагына, ЖОЖдун адистик өгөчөлүгүнө байланыштуу. МЭТБнин негизги багыттары – булар түрдүү тандоо курсу, факультатив, лекция-концерт, кружок, ЖОЖдун маданий салттары, өздүк көркөм

чыгармачылык ж. б. у. с. формада ишке ашырылган студенттердин жалпы маданий деңгээлин өнүктүрүү болуп саналат.

Инсандын музыкалык-эстетикалык маданиятын калыптандыруу проблемасын чечүүдө жакшы кадам катары Казанмамлекеттик педагогикалык университеттин тажрыйбасын алып карасак болот. Ал жерде факультеттер аралык “Музыкалык тарбия берүүнүн негизи” кафедрасы ачылган. Кафедранын негизги максаты – музыкалык эмес факультеттин студенттерине музыкалык-эстетикалык тарбия берүү [1,3]. Музыкалык билим жана тарбия берүү сабактары катары: хор, музыканын теориясы, музыкалык аспаптарда ойноо (фортепиано, баян, скрипка). Экинчи жылы окутуу факультатив катары жүргүзүлөт. Факультативдин максаты – студенттин адистигине кошумча адистик катары мектептеги факультативдин, кружоктунжетекчиси деген сертификат берүү.

Маселенин мындай чечилүүсү студенттерди музыкалык жактан профессионалдуу окутуу мененкелечектеги педагогдордун музыкалык-эстетикалык маданиятынын калыптануусуна чоң өбөлгө түзмөкчү.

“Музыкалык тарбия берүүнүн негизи” кафедрасынын иш алып баруусунун жыйынтыгы катары студенттердин профессионалдык музыкага жана музыкалык аткаруучулукка болгон кызыгуусунун артылуусу жана өздүк көркөм чыгармачылыктын деңгээлинин жогорулашын карасак болот. Анын натыйжасында аталган окуу жай Казаньшаарында өткөрүлгөн ЖОЖдор аралык өздүк көркөм чыгармачылык боюнча уюштурулган “Студенттик жаз” конкурс-фестивалдарында алдыңкы орундарды ээлеп сыйлыктарга татыктуу болгондугун белгилегибиз келет.

Жаштардын музыкалык-эстетикалык маданиятын калыптандыруу боюнча жогорудагы жүргүзүлгөн анализдерге таянуу менен биз, инсандын музыкалык-эстетикалык маданиятын калыптандыруу акыбалы – учурдагы педагогикалык ишмердүүлүктүн актуалдуу проблемасы деп ишенимдүү айта алабыз жана бул мкалада берилген ой сунуштарды жалпылоо аркылуу төмөндөгүдөй жыйынтыкка келсек болот:

Учурдагы коомдогу руханий кризистик абал жаштардын маданий деңгээлинин төмөндөп кетүүсүнө түрткү болду. Бул муундан-муунга өтүп келе жаткан адеп-ахлак баалуулуктарынын жоголуусун шарттап, жаштардын руханий баалуулуктарынын өзгөрүүсүнө алып келди. Мындай кырдаал жаштардын руханий маданиятын калыптандыруу жаатында педагогикалык коомчулуктун жоопкерчилигин күчөтүү зарылчылыгын жогорулатты.

Мына ушуга байланыштуу коомубузда инсандардын музыкалык-эстетикалык маданиятын калыптандыруу маселеси өзгөчө актуалдуулукка жетти. Бул проблема боюнча жаштарга музыкалык-эстетикалыктарбия берүү жаатында аткарылган иш чаралар, малекет тарабынан көтөрүлүп жаткан демилгелер маданият жана билим берүү багытында эмгектенип жаткандар үчүн дагы да жигердүү эмгектенүүгө милдеттендирет.

Анткени коомубуздун ар бир инсаны ар тараптуу өнүккөн, руханий деңгээли бийик, өз элинин маданиятын, тарыхын, тилин, динин, каада-салтын терең үйрөнгөн жана ага аздек мамиле жасаган патриот инсанга айлангандагана саясий-экономикалык ийгиликтер жараларына шек туулбайт.

**Адабияттар:**

1. **ВаллинН.** -Добуш чөйрөсү жана ызы-чуулар менен булгануу//КурьерЮНЕСКО.
2. 1986, май. -Бет. 31-33.
3. **ГанчиковаВ**. – Жаңы талаптагы музыка //”Советтик маданият”. 1989, 16-июнь.

4. **Ежович З. И**. - «Массалык маданият» жана дүйнөлүк көркөм мурасты бурмалоо- М.: “Знание”, 1986. -64 б.
5. **Журавщая М. С.** – Израилдеги музыкалык билим берүүнүн өзгөчөлүгү //Музыкалык билим берүү. Илимий эмгектер жыйнагы. -Чебоксары: И. Я. Яковлева ат. ЧМПУ, 2000. -130б.
6. **ЗетельИ**. Музыкалык маданият таңсыктыгы. Правда. 1989-ж, 23-октябрь
7. **Кабалевкий Д. Б**. – Музыкажана музыкалык тарбия берүү. (ар кайсы жылдардагы чыгып сүйлөөлөр, макалалар). -М.: “Знание”, 1984. -64б.
8. **СоколовК. Д**. – Швециядагы эстетикалык тарбия берүү системасы//Эстетическое воспитание на современном этапе: Учурдагы эстетикалык тарбия берүү теориясы, методологиясы, М.: ВНИИ искусствознания, макалалар жыйнагы1990. -Б. 123-134
9. **Салиев А**. - Музыканысүрүп салыштыПравда. 1988, 31июль.

**Рецензент: доцент муз. каф., Бөдөшев А.**